6. **Алтыбаева, М.А.** Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо маселелери [Текст] / М.А. Алтыбаева. – Ош, 2018. – 14 с.
7. **Кособаева, Б.М.** Орто мектепте химиялык билим берүүнү өркүндөтүү [Текст] / Б.М. Кособаева. – Бишкек, 2013. – 118 с.
8. Государственный образовательный стандарт среднего профессионального образования по направлению: 060108 Фармация.
9. **Пустовалова, Л.М.** Неорганическая химия [Текст] / Л.М. Пустовалова, И.У. Никанорова. – Феникс, 2015. – 136 с.
10. **Матыев, Э.С.** Роль химических элементов и их соединений в экологии, биологии и медицине [Текст] / [Э.С. Матыев, Ж.А. Аденов, С.С. Касымова и др.]. – Технология, 2002. – С. 96-147.

DOI:10.54834/16945220_2022_3_133

Поступила в редакцию 24.05.2022 г.

**УДК:37.012.8:372.882:377**

***Байиева Б.А.***
*преп. Кырг.-Узбек. Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН «ЖЕҢИШБЕК» ПОЭМАСЫН ОКУТУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

*Бул илимий макалада жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз адабияты сабагында Алыкул Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасын окуучуларга натыйжалуу жеткирүүдө колдонулган окутуунун технологиялары жөнүндө сөз болот. Изилдөөнүн максаты–сабакта окуучуларга мерчемделген материалды толук өздөштүрүүсүнө негиз болгон окутуунун технологияларынын артыкчылыктарын көрсөтүү болуп эсептелинет. Изилдөөдө педагогикалык эксперимент усулу колдонулду. Изилдөөнүн натыйжасында А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынын окутууда колдонулган технологиялар окуучуларга чыгарманын сюжетин жана анын эстетикалык, тарбиялык таасирин жогорку деңгээлде түшүнүүсү байкалды. Чыгарманын тексттин талдоо технологиялары аркылуу поэманын идеялык-тематикалык маанисин түшүнүү жолдору белгиленди. Окуучулар интеллектуалдык жана практикалык билгичтиктерге ээ болуу үчүн тест менен иштөө технологияларын колдонуунун натыйжалуулугу көрсөтүлдү. Изилдөөдө алынган жыйынтыктар орто мектепте кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине сабакта колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *«Жеңишбек» поэмасы; окутуунун технологиялары; текстти талдоо; фактологиялык суроолор; көркөм окуу.*

## ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЕ ПОЭМЫ АЛЫКУЛА ОСМОНОВА «ЖЕНИШБЕК»

*В данной научной статье речь пойдет о технологиях обучения, применяемых на уроках кыргызской литературы средних общеобразовательных школ для эффективного донесения до учащихся поэмы Алыкула Осмонова «Женишбек». Цель исследования–показать преимущества технологий обучения, которые являются основой для полного усвоения учащимися намеченного материала на уроке. В исследовании применен методика педагогического эксперимента. В результате исследования было замечено, что технологии, используемые при изучении поэмы А. Осмонова «Женишбек», дают учащимся высокий уровень понимания сюжета произведения и его эстетического и воспитательного воздействия. Отмечены пути осмысления идейно-тематического смысла поэмы через технологии анализа текста произведения. Показана эффективность использования технологий работы с тестами для приобретения учащимися интеллектуальных и практических навыков. Результаты, полученные в ходе исследования, рекомендованы учителям кыргызского языка и литературы общеобразовательных школ для использования на уроках.*

***Ключевые слова:*** *поэма «Женишбек»; технологии обучения; анализ текста; фактические вопросы; художественное исследование.*

## LEARNING TECHNOLOGIES OF ALYKUL OSMONOV' POEM «JENISHBEK»

*This scientific article will focus on the teaching technologies used in the lessons of Kyrgyz literature in secondary schools to effectively convey to students the poem by Alykul Osmonov "Jenishbek". The purpose of*

*the study is to show the benefits of learning technologies, which is the basis for the complete assimilation by students of the intended material in the lesson. In the study used the methodology of pedagogical experiment. As a result of the study, it was noticed that the technologies used in the study of Osmonov's poem "Jenishbek" give students a high level of understanding of the plot of the work and its aesthetic and educational impact. There are noted the ways of understanding the ideological and thematic meaning of the poem through the technology of analyzing the text. There is shown the effectiveness of the use of technologies for working with tests for acquiring intellectual and practical skills by students. The results obtained during the study are recommended for teachers of the Kyrgyz language and literature of secondary schools for use in the classroom.*

***Key words:*** *The poem «Jenishbek»; the poem «Jenishbek»; learning technologies; text analysis; factual questions; artistic research.*

Азыркы күндө билим берүүчүлүк формаларды жана усулдарды тандоодо окуучулардын эркиндиктерин камсыз кылуучу психологиялык комфорттуу чөйрө түзүү жолго коюлууда. Соңку учурда кадрлардын квалификацияларын жогорулатуу системасындагы приоритеттүү усул болуп берилүүчү билимдин, көндүмдүн жана ык-машыгуунун натыйжаларын практикалык жактан жасай билүүгө үйрөткөн окутуунун технологиялары болуп эсептелинет [1].

Кыргыз адабиятын-окутууда биринчи кезекте акын-жазуучулардын чыгармаларынын көркөм тексттеринде камтылган идеяларды «сууруп» чыгып, аларды азыркы замандын кырдаал-шартына ылайык, баланын сезимине таасир бере турган деңгээлге жеткире турган деңгээлде көтөрүп чыгуу, тексттеги жана подтексттеги баалуулуктарды бала жүрөгүнө жеткирүү, көркөм сөздүн күчү менен бала дилин тазартуу, жан дүйнөсүн байытуу. Бала менен сүрөткердин ортосундагы диалогун уюштуруу милдети турат [2]. Албетте, мындай милдеттерди ишке ашырууда окутуунун жаңы технологиялары колдонуу ийгиликтүү натыйжаларды бере алат.

А.Осмоновдун жалпы акындык өнөрүнүн да, жеке дастанчылык өнөрүнүн да барып жеткен чокусу «Жеңишбек» поэмасынын жарыкка чыгышы болуп эсептелинет. «Жеңишбек»–поэмасы жеке акындын гана эмес кыргыз элинин зор табылгасы, поэзиясы.

А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы орто мектепте 10-класста окутулат. Окуу китебинде поэма жөнүндө кара сөз түрүндө баяндама берилген [3].Окуучулар поэманын текстти менен толук тааныш болуу үчүн мугалим чыгарманы өтүп жатканда окуу китебинен сырткары атайын орто мектептер үчүн хрестоматия колдонсо болот. Мугалим поэма жөнүндө маалымат берээрден мурун алгач окуучуларга поэманын башкы сабы:

Ысык-Көл кээде тынч да, кээде толкун,
Толкуса толкунуна тең ортокмун.
Турмушта канча жолдош күтсөм дагы,
Бир сырдуу мындай жолдош күткөн жокмун [4].

– ушул саптар менен баштап андан соң окуучуларга кайрылып, бул акындын кайсы чыгармасы деген суроо берүү менен бирге бул ыр саптары баарыбызга белгилүү болгондой акындын сүрөтү түшүрүлгөн 200 сомунун арткы 2-бетинде келтирилген. Бирок биздин эксперименталдык мектептерде көрсөткөндөй поэма менен тааныш болгонго чейин бул саптарды көпчүлүк акындын Ысык-Көл жөнүндө жазган төмөндөгүдөй ырларын аташты: «Ысык-Көл», «Кыргыз көлү», «Ысык-Көлдө төрт мезгил». Баарыбызга белгилүү болгондой акын Ысык-Көл жөнүндө көптөгөн ырларды жазган. Окуучулар акындын кереметтүү Ысык-Көл жөнүндө бир катар ырларын мисал келтиришти. Аны менен катар «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү деп туура тапкан окуучулар да болду. Мугалим жогорудагы саптар менен башталган А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасынан үзүндү экенин айтат. Андан кийин өтүлө турган тема А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасы экенин мугалим жарыялагандан соң, окуучулардын алгачкы билимине таянуу менен фактологиялык суроолорду берет. Дагы бир белгилей кетчү нерсе согуш тууралуу поэмаларды окутуудан мурда мугалим бул багыттагы тарых, адабият таануу багытындагы китептер менен терең тааныш болуусу зарыл.

Окуучуларга берилген суроолор жана алардын жооптору төмөндөгүдөй болду.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш кайсы жылдары болгон?

**Окуучулар:** 1941-1945-жылдары.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө эмнелерди билесиңер?

**Окуучулар:** Согуш фашисттик Германиянын тынч жаткан совет элине кол салуусу менен башталып, СССРдин курамындагы өлкөлөр ошону менен катар кыргыз элинин жоокерлери да согушка кетип, мекенди душмандардан жан аябай коргошот.

**Мугалим:** Улуу Ата Мекендик согуш качан бүткөн жана ал күн азыркы күндө кандай белгиленип келет?

**Окуучулар:** 1945-жылы 8-май кечинде Улуу Ата Мекендик согуш фашисттик Германиянын жеңилүүсү менен аяктаган. Ошол саттардан тарта 9-май Жеңиш күнү деп бүткүл совет элине жарыялаган. Ошол убакыттан берүү бул кубанычтуу күн «Жеңиш» майрамы деп белгиленип келет.

**Мугалим:** «Жеңишбек» поэмасы кандуу согушта жалгыз уулу Жеңишбектен ажыраган Миңбай аттуу карыянын күйүттүү абалы, өксүк арманын баяндайт. Ал баласынын курман болгону тууралуу «кара кагазга» ынанбайт, уулу өлдү деген кабарга моюн сунгусу келбейт, жалгызын күнү-түнү, ал тургай ар бир көз ирмемде күтүп, жол карайт.

«Жеңишбек» поэмасын окутуу процессинде ишке ашырылуучу окуу ишмердүүлүгү бул– чыгарманы көркөм окуу. К.С.Станиславский: «Чыгарма окурманга жогорку маанай калтырса, андан ары ийгилик башаты көрүнөт»-деп айткандай окуучуларга чыгарма түшүнүктүү болуш үчүн мугалим чыгарманы мыкты денгээлде көркөм окуп берүүсү зарыл [5]. Андыктан поэманы көркөм окуп жатканда, мугалимдин дикциясы, тону, темпи, эмоциясы ырдын тонуна, темпине шайкеш, төп келиши керек. Ошондо гана мугалим поэманын башкы каарманы Миңбай карыянын кыйын абалын, күтүү азабын, атанын баласына болгон сагынычын жана ушул нерселердин баарына согуш күнөөлүү экенин эмоционалдуу, трагедиялуу тондо жеткире алат. Андан сырткары сабакта окуучулар теманы жогорку деңгээлде өздөштүрүү үчүн «Жеңишбек» поэмасынын сюжетин айтуу технологиясы чоң мааниге ээ. Окумуштуу-методист Ж.Эшиевдин «Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери» деген монографиясында көркөм чыгарманын сюжетин айтуу технологиясын бир катар эффективдүү жолдорун белгилеген [6].

Анын төмөнкү толуктоо технологиясын колдонууда окуучуларды айтып берүү жөндөмдүүлүктөрү мыкты жолго коюлганы байкалды. Бир окуучу поэманын сюжетинин кайсыл бир бөлүгүн айтып берет, айтылбай калган жерин экинчи, үчүнчү окуучу улам толуктап турат. Толуктоо технологиясында дагы бир өзгөчөлүгү автордук сюжет бекем сакталат, кыска убакыттын ичинде окуучулар чыгарманын толук сюжетин айтууга жана түшүнүүгө жетише алышат.

**1-окуучу:** Поэмада Ата Мекенди коргоп, курман болгон жоокер, анын туулуп өскөн эл-жери, жалгыз баласынан айрылып, туяксыз калган ата-эне, алардын үмүтү жана кайгысы баяндалган. «Жеңишбек» поэмасынын ар бир сабында адамдардын Ата-Журтка болгон сүйүүсү, баласы согушка кеткен Миңбай карыянын баланын зарлап күтүүсү баяндалат.

**2-окуучу:** Миңбай уулунун келбей турганын, анын Варшаванын жанында курман болгонун билген. Бирок, куру үмүт жалгыз перзентин илгери үмүт менен күтүүдөн тажабайт. Улам-улам келе берип, көл жээгинде каңырыгы түтөгөн Миңбайдын карааны жүрөк сыздатат.

**3-окуучу:** Чалга айтпайт эне келип, чыны толо ууз кымызды жүргүнчүгө тартуу кылып, уулум неге кечигет деп көз жашын төгөт. Ак үмүт менен көл жээгинде саргая отура берип, куба жүздүү, ак чачтуу эненин ыйык образы көз алдына тартылат. Буларга билгизбей кызы да жол карайт. Бул саптар кимдин болбосун жүлүнүн бошотуп, зээнин кейитет.

**4-окуучу:** Акын Курманбектин образы аркылуу элдин майтарылбас эркин көрсөткөн. Мына менден алтоо кетип, андан экөө гана кайрылып келди, ошондо да бул көзүмдөн жаш тамган жок деп Миңбайга кубат берет. «Жетимиштен сексен жашка ооган кезимде уулдуу болдум. Замана керек болсо муну да аскерге алсын» - деп кайрат айтат. Курманбектин сөздөрүнөн кийин Миңбай бир аз чыйрала түшүп, көңүлү көтөрүлөт да, «Курмаке уулуңдун аты Жеңишбек болсун» - дейт. «Бүгүн майдын тогузу, болсо болсун»-деп сүйүнөт. Наристенин образы символикалуу. Ал Миңбайдын уулу Жеңишбектин образын толуктап, жыйынтыктап турат.

**5-окуучу:** Наристе Курманбектин гана баласы болбостон, барыдан мурда элдин уулу, эл ичинен Миңбайга да бала. Келечекте наристе Жеңишбектин жолун улантмакчы. Эл үчүн ак милдетин актаган эр азаматтын аты өчпөстөн, элдин жүрөгүндө терең сакталат.

Поэманын сюжети, мазмуну өздөштүрүлгөндөн сырткары, сабакта тилдик жумуштарды аткаруу да чоң мааниге ээ, анткени мында окуучуларга сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп берүү аркылуу поэманы окуясын тереңден түшүнүүгө негиз болот. Андай аткарылуучу жумуштардын айрымдарына токтолуп өтөлү.

Мугалим окуучуларга дептерге жазуудан сырткары таблица түшүрүлгөн А4 көлөмүндөгү түстүү кагазды (1-таблица) окуучуларга таркатып берет. Окуучулар сөздүк, энциклопедиялардын жардамы менен сөздөрдүн маанисин жазышат. Мугалим тарабынан даярдалып келген түстүү кагаздагы тапшырма окуучуларга дептер менен иштөөгө караганда эстетикалык маанай тартуулоого жакшы шарт боло алат.

1-таблица. Сөздүк

| Сөздөр | Түшүндүрмө берүү |
|---|---|
| пристан | Пристан-деңиздин, көлдүн же дарыянын жээгиндеги кеме токтоп, жүк жүктөө, түшүрүү сыяктуу иштер аткарылуучу жай. |
| Варшава | Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согушта Германия аскерлери тарабынан басып алынган. Шаар экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде катуу талкаланган. 1918-жылдан Польша Республикасынын борбору, 1943-1944-жылы Варшава көтөрүлүшүнүн очогу. 1945-жылы январда Советтер жана польшалык аскерлер тарабынан бошотулган. **Варшава**- Польша Республикасынын борбор шаары. |
| алп | Эң зор, айбаттуу, күчтүү адам. Алп элдик эпикалык чыгармаларда баатырлардын туруктуу эпитети жана мифтик каармандардын энчилүү атынын курамында (алп Манас) колдонулат. |
| жароокер | жылдыздуу, жылдызы жанган, жадырап-жайнап туруу. |

**2) Төмөнкү сөз айкаштарынын маанилерин чечмелегиле?**

Мисалы: **турмушту жеңүү**-турмушта кездешкен кыйынчылыктарга туруштук берүү жана андагы көйгөйлөрдү чечүү.

**болочокко кайраттануу**-кыйынчылыктарга бош келбей, алдыга карай умтулуу.

**азоодой тизгин бербөө**-күчтүү, өжөр болуп, туш келген кыйынчылыктарга болушунча туруштук берүү.

**кубанычтын суулары агуу**-ийгилик жана жакшылыктын катар-катар келиши.

**ындыны өчүү**-ойлогон жана күткөн нерсе ишке ашпай калуу.

**3)Төмөнкү сөздөрдүн синонимдерин жазгыла?**

**сүйүнүчтүү**-кубанычтуу, шаңдуу.

**кайгы**-муң, азап.

**баатырдык**-эрдик, каармандык.

**ачуу**-каар, заар [7].

Окуучунун интеллектуалдык деңгээлин баалоо жана темага жараша акыл операцияларын жүргүзүү компетенциясын калыптандырууда тест менен иштөө технологияларын колдонсок болот. Мисалы «Жеңишбек» поэмасын өздөштүрүүнүн жүрүшүндө окуучуларга төмөндөгүдөй бош орундуу толуктоо, окуялардын удаалаштыгын аныктоо, жалпыдан жекени бөлүп алуу максаттарындагы тесттик тапшырмаларды иштетүүгө болот [8].

**1.** Ысык-Көл кээде тынч да, ............,
Толкуса толкунуна ......................
Турмушта канча жолдош ............,
Бир сырлуу мындай жолдош .............
**(1-сабы-кээде толкун;**
**2-сабы-тең ортокмун;**
**3-сабы-күтсөм дагы;**
**4-сабы-күткөн жокмун).**

**2.** «Жеңишбек» поэмасынын сюжетинин өнүгүшүн, жыйынтыкталышын белгиле.

а) кардуу согушка Миңбай карыянын да уулу кеткен. Согуш аяктап тынчтык күнү орноп, эл көңүлү куунак болуп, көпчүлүк туулуп өскөн жерине кайтып келет. Бирок тилекке каршы станцияда кайткан жоокерлердин арасында Миңбай карыянын баласы кайтпайт.

б) Курманбек Миңбайга кайраттуу болушун айтып, уулуң элдин тынчтыгы үчүн курман болду. «Мына мен жетимиштен сексен жашка ооган кезимде уулдуу болдум. Замана керек болсо муну да аскерге алсын» - деп кайрат айтат. Курманбектин сөздөрүнөн кийин Миңбай бир аз чыйрала түшүп, көңүлү көтөрүлөт да, «Курмаке уулуңдун аты Жеңишбек болсун» - дейт.

в) уулу кайтпастыгын билсе да куру үмүт менен пристанга келип күтүп-күтүп, уулун келбестигин билген соң, ындыны өчүп, куру үйүнө баргысы келбей курдашы Курманбектин үйүнө барат.

г) согуштан кайткан жоокерлер станцияга келип түшөт. Станцияда эл суюлганда кезде Миңбай карыя үзүлбөгөн үмүт менен баласын күткөнү келет.

**(г, а, в, б)**

**3.** Адамдардын сапаттарынын ичинен «Жеңишбек» поэмасындагы Курманбек карыянын мүнөзү кандай адамдын типтүү сапаты экендигин айырмалап көрсөткүлө.

а) кара мүртөз, таш боор адам

б) эрктүү, сабырдуу адам

в) боорукер, күйүмдүү адам

г) өзүмчүл, кекчил адам

**(б)**

## Жыйынтыктар:

1. «Жеңишбек» поэмасын окутууда колдонулган окутуунун жаңы технологиялары окуучулардын чыгармачылык жөндөм-шыктары өсүп, инсандык касиеттери калыптандырууга негиз болоору аныкталды;

2. Чыгарманын тексттин талдоо технологиялары аркылуу поэманын идеялык-тематикалык маанисин түшүнүү жолдору көрсөтүлдү;

3. Окуучулар интеллектуалдык жана практикалык билгичтиктерге ээ болуу үчүн тест менен иштөө технологияларын колдонуунун натыйжалуулугу көрсөтүлдү;

4. Алынган жыйынтыктар жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз тили жана адабият мугалимдерине сабакта колдонууга сунушталат.

### Адабияттар тизмеси:


1. **Исаков, Т.Э.** Билим берүүдөгү интерактивдик методдор жана аларды окутууда колдонуунун ыкмалары [Текст] / Т.Э. Исаков. // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2014. – № 3. – С. 22-23.
2. **Муратов, А.** Кыргыз адабиятынын окутуунун методикасы [Текст]: окуу куралы / А. Муратов, К. Акматов. – Бишкек: Креатив, 2021. – 3-4 с.
3. **Асаналиев, К.** Кыргыз адабияты: орто мектептердин 10-кл. үчүн окуу китеби. Оңдолуп, толукталып 4-басылышы [Текст] / К. Асаналиев, С. Байгазиев, С. Жигитов, К. Иманалиев. – Бишкек: Инсанат, 2013. – 320 с.
4. **Үкүева, Б.** Кыргыз адабияты [Текст]: 10-класс үчүн хрестоматия / Б. Үкүева. – Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2017. – 261 с.
5. **Астафьева, О.В.** Детская литература. Выразительное чтение. Практикум [Текст]: учеб. пособие для студ. учреждение сред. проф. образование / О.В. Астафьева, А.В. Денисова, И.Л. Днепрова. – Москва: Академия, 2014. – 148 с.
6. **Эшиев, Ж.** Мектептерде поэмаларды окутуунун илимий-методикалык негиздери [Текст]: монография / Ж. Эшиев. – Бишкек, 2009. – 50-51 с.
7. **Сапарбаев, А.** Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы [Текст]: Жогорку окуу жайларынын филол.фак.студенттери үчүн окуу китеби / А. Сапарбаев. — Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1997. — 74 с.
8. **Рысбаев, С.К.** Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш [ Текст]: орто мектептин кыргыз тили, адабияты мугалимдери, методисттер жана окуу бөлүмүнүн башчылары үчүн методикалык колдонмо / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2016. – 50-51 с.


DOI:10.54834/16945220_2022_3_139

Поступила в редакцию 21.11.2022 г.